КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ-УКУКТУК ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ

Б.Н. ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ

**Д 12.18.570 Диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК 340.141 (=512.154) (043.3)

Эшмурадова Насиба Дустмурадовна

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УКУК СИСТЕМАСЫНДАГЫ АДАТ МЕНЕН ШАРИАТТЫН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕРИ: ТАРЫХЫЙ- УКУКТУК ИЗИЛДӨӨ

12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы;
укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы

Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**авторефераты**

**Бишкек – 2019**

Диссертациялык эмгек Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчи**: Б.Н. Ельцин атындагы КРСУнун эл аралык жана конституциялык укук кафедрасынын башчысы, юридика илимдеринин доктору, профессор
**Борубашов Бекбосун Ишенбекович**

**Расмий оппоненттер**: Ж. Баласагын атындагы КУУнун мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын профессору, юридика илимдеринин доктору
**Бейшембиев Эсенгул Жумашевич**

Милициянын генерал-майору Алиев Э. А. атындагы Кыргыз Республикасынын ИИМдин Академиясынын мамлекеттик-укуктук сабактар кафедрасынын доценти, юридика илимдеринин кандидаты
**Тургунбаев Суюнбай Тургунбаевич**

**Жетектеген уюм:** Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы, конституциялык жана административдик укуктун кафедрасы. Казакстан Республикасы, Алматы, аль-Фараби пр. 71

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институту жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияны коргоо боюнча Д 12.18.570 диссертациялык кеңештин отуруму 2019-жылдын 30 апрелде, саат 14:00 өтөт. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти 265-а, чоң жыйын жай (2-кабат).

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси 265-а. (http://www.disserlaw.krsu.edu.kg)

Автореферат 2019-жылдын 29 - мартында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
юридика илимдеринин кандидаты, доцент **С. К. Насбекова**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Кыргыз элинин укук системасындагы адат менен шариаттын өз ара аракеттерин изилдөөнүн актуалдуулугу укукка антропологиялык мамилени колдонуу жолунда алынган тарыхый укуктук оң тажрыйбаларды эске алуу менен адам укугун жана эркиндигин коргоо, Кыргыз Республикасынын укук системасын жакшыртуу зарылдыгы менен шартталган.

Кыргыз Республикасында улуттук-маданий кайра жаралуу байкалууда, бул коомчулуктун, өткөн тарых менен маданияттын, улуттук баалуулуктардын, адат менен шариаттын ченемдерине багытталган кызыкчылыктардын негизинде элдин биригүүсүн болжолдойт. Элдик үрп-адаттарды расмий таанунун тажрыйбасына ылайык Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 37-беренесинде: «Кыргыз Республикасында адамдын укугу менен эркиндигин кемсинтпеген элдик үрп-адаттар, каада-салттар мамлекет тарабынан колдоого алынат»- деп айтылат *[Кыргыз Республикасынын Конституциясы (Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 27-июнундагы мыйзамы менен колдонууга киргизилген). Бишкек: АКАДЕМИЯ бас-сы, 2017. – 62-б.]*. Башкы мыйзамдын аталган жобосуна ылайык, кыргыз элинин тарыхый-укуктук тажрыйбасын, адат менен шариат өз ара аракеттерин изилдеп үйрөнүү азыркы Кыргызстандын коомдук-саясий жана укук чөйрөсүн шайкеш келтирүү ыкмаларын аныктоого мүмкүндүк берет.

Адаттын ченемдери тарыхый цивилизациянын так түрүнө шартталган, элдин укуктук аң-сезимине, укук маданиятына жана укуктук менталитетине жооп берген, адамдын реалдуу турмушун юридизациялоонун жыйынтыгы.

Кыргыз коомунда адат менен шариаттын ченемдери жүздөгөн жылдарда социалдык жөнгө салуучу болгон, бүгүнкү Кыргызстандын коомдук турмушунун чөйрөсүндө алардын ички мүмкүнчүлүгүн жогору негизде сакталган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасы бир дагы дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары таанылбай турган дин аралашпаган мамлекет болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын1, 4, 7, 16, 20, 31, 32-беренелери мамлекет ичинде диний иштер боюнча мамилелерди жөнгө салат *[Кыргыз Республикасынын Конституциясы (Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 27-июнундагы мыйзамы менен колдонууга киргизилген). Бишкек: АКАДЕМИЯ бас-сы, 2017. – 96-б.]*. Бүгүнкүкыргыз коомунда исламдашуу процесси күч алып,дин аралашпаган мамлекеттин Конституциясы сактаган салттуу этникалык баалулуктарына доо кетирип жатат. Бүгүнкү күндө адат, шариат жана позитивдүү укуктунөз ара аракеттерин багыттарын аныктоо, алардын дарамети, шайкештик менен кызматашуусу, коомдогу көптөгөн социалдык көйгөйлөрдү чечет жана толеранттуулукту өнүктүрөт.

2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясында белгиленгендей, Орто Азиянын элдери сыяктуу эле кыргыздар дагы ханафит масхабанын жактоочулары болуп саналат.

Ханафий мазхабы өзүнүн диний сабырдуулукту тутунгандыгынын натыйжасында ислам баалуулуктарын улуттук салттарга жана каадаларга карама-каршы койбогондугу, мамлекет менен өнөктөштүктү өнүктүрүү үчүн

идеологиялык негизге ээ болгондугу менен айырмаланып турат *[«2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы» (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 14-ноябрындагы № 203 жарлыгы менен бекитилген) www/cbd.minjust.gov.kg]*. Көчмөн коомдун социалдык тутумунжөнгө салууда шариаттын айрым ченемдеринин көйгөйсүз аккультуриацияланышына Абу-Ханифини окуусунун ийкемдүүлүгү себеп болду.Ушундан улам, исламдагы аталган укуктук ой-пикирди изилдеп-үйрөнүүнүнактуалдуулугумезгилдин талабына жооп бергендигинде турат.

Адат менен шариаттын өз ара аракеттеринин натыйжасында салттуу кыргыз коомундагы мамилелерди натыйжалуу жөнгө салуу калыптанды.Адат менен шариаттын укуктук плюрализми юридикалык антропологиянын окуусунун предмети катары юристтер, тарыхчылар, этнографтар, теологдор жана социологдор тарабынан кенири талкууланышы Кыргызстан үчүн илимий-теориялык да, тажрыйбалык да мааниге ээ.

Мында изилденип жаткан иштин актуалдуулугу азыркы юридикалык илимдеги жаны багыт болгон юридикалык антропологиянын жана этнология шартталган

Ата-мекендик юридикалык илимде юридикалык антрополгиянын усулдарын колдонгон изилдөөлөр жок. Ааламдаштыруунун шартында адат менен шариаттын ченемдеринин биригиши социалдык жөнгө салууларды изилдөө менен бирге өздүк белгилерди сактап калууга шарт түзөт. Маданияттын жана укуктун менталдык ченемдерине жат нормаларды сокур көчүрүп алуу процесси улуттук идеаларды жана багыттарды жоготкон укуктук жалпылаштырууга алып келет.

Укукка антропологиялык мамилени колдонуу догматтык юриспруденциянын укуктагы позитивдик мамилесинин көлөкөсүндө калган адамдын укуктук турмушундагы реалдуулугунун жана жаны чектерин ачат» *[Агафонова, Е.А. Юридическая антропология: концептуальные идеи и принципы [Текст]: дис. … канд. юрид. наук: 12.00.01 / Е.А. Агафонова. – Ростов-н/Д, 2009. – С.4]*.

Бул эмгекте адат жана шариат юридикалык антропологиялык өңүттө каралат, изилдөөнүн объектиси болгон адамдын кызыкчылыгы, керектөөсү,анын укуктук корголушу Кыргыз Республикасынын Конституцияна ылайык мамлекет тарабынан камсыздандырылат.

«2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө» Жарлыкта улуттук кайра жаралуунун мааниси белгиленген *[«Национальная стратегия развития Кыргызской Республики на 2018-2040 годы»* утвержденная Указом Президента Кыргызской Республики от 31 октября 2018 г. №221. *[Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.gov.kg/]*. Элдин үрп-адаты жана салты бул Кыргызстандын бай маданий мурасынын баалуу байлыгы болуп эсептелет. Ата-бабалардын кылымдарга тете укуктук тажрыйбасынын баалуулугун түшүнүү менен пайдалануу бул мыйзам ченемдүүлүк. Демек, адат менен шариаттыниш-милдетин, ич ара аракеттерин ар тараптуу изилдөөдө жана укуктук талдоонун зарылчылыгынан анын актуалдуулугу келип чыгат.

**Изилденген теманын иштеп чыгуу баскычы.** Салттуу көчмөн элдердин үрп-адатын, жашоо турмушун изилдегендер: Г. Бардашов, Ч.Ч. Валиханов, Г.К. Гинс, Н.И. Гродеков, Г. Загряжский, А. Зуев, К.П. Кауфман, И. Козлов, Т.М. Культелеев, М. Малышев, М. Терентьев, Ю. Южаков, Н. Изразцов, К.К. Пален, А.И. Мякутин, С.З. Зиманов, С.С. Сартаев, Е Б. Абрасулов, Г. Р. Усеинова, З.Ж. Кенжалиев, К. Алимжан.

Ата-мекендик изилдөөчүлөр: К.Н. Нурбеков, С.К. Кожоналиев, С. Сооданбеков, М.Т. Айтбаев, Г.А. Мукамбаева, Б.И. Борубашов, Б.Т.Токтобаев, Э.Ж. Бейшембиев, Э.Э. Молдоев, Н.Р. Розахунова, Т.И. Ганиева, К.С. Сооронкулова, Ж.Ч. Тегизбекова, М.Ш. Шамилов, Д.Ш. Нуриев, К.С. Жылкычиева, Д.М. Байгазиева, Н.С.Турсунбаева.

Теманын теориялык маселелерин изилдегендер: Р. Давид, М.Н. Марченко, С.С. Алексеев, А. В. Малько, Н.И. Матузов. Мусульман укугу боюнча адис Л. Сюкияйнендин эмгектери белгиленет. К. Тарнау, Р. Шарля, Н.П. Остроумова, Л.И. Климович, Г.М. Керимов, Ч.А. Агакеримова, Д.Х. Сайдумовдун, Д.С. Обидов эмгектеринде исламды кабыл алган элдердин мусульман укук ченемдерин колдонуусу изилденген. Н. Рулан, А.Х. Саидов, В.С. Нерсесянц, А.И. Ковлер, Е.А. Агафонова, Н.С. Пилюгиндин эмгектери юридикалык антропологияны изилдөөгө арналган.

**Диссертация темасынын ири илимий программалары жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Аталган изилдөө өздүк демилге көтөрүү иши болуп саналат.

**Диссертациялык изилдөөнун максаты** болуп – салттуу кыргыз коомунун укук системасындагы адаттын жана шариаттын өз ара мамилелерин изилдөөнүн негизинде, алгылыктуу тарыхый-укуктук тажрыйбаны өздөштүрүп, адам укугун коргоо жана Кыргыз Республикасынын укуктук системасын жакшыртуунун жолдорун сунуштоо.

**Белгиленген максатка жетүү үчүн автор төмөнкү милдеттерди аныктады:**

1) адат менен шариаттын өз ара аракеттерин укукка антропологиялык мамилени колдонуу менен изилдөө;

2) адаттын түшүнүгүн жана тутумун аныктоо;

3) салттуу кыргыз коомундагы шариаттын таасирин ачып берүү;

4) кыргыздардын үй-бүлө нике мамилелерин жөнгө салууда адаттын жана шариаттын өз ара аракеттерин көрсөтүү;

5) жарандык-укуктук мамилелердеги адат жана шариаттын өз ара байланышын изилдөө;

6) салттуу кыргыз коомундагы кылмыш жана жазаны карап чыгуу;

7) адат менен шарияттын ченемдери боюнча сот адилеттүүлүгүнүн ишке ашуусун талдоо;

**Эмгектин илимий жаңылыгы.** Диссертациялык иште юридика илиминде биринчи жолу кыргыз элинин укук системасындагы адаттын жана шариаттын өз ара аракеттери укукка антропологиялык ыкманы колдонуу мененаныкталды,адат түшүнүгү жана анын тутуму изилденип, адатка автордук аныктама берген, социалдык ченемдердин укукка айланышынын динамикасы

далилденген (юридизация процесси), мамлекеттик түзүлүшкө таасир эткен кыргыздын укуктук чөйрөсүндө шарияттын ченемдеринин укуктук аккультурациясынын өзгөчөлүгү ачылган.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси,** бул эмгек адам коомундагы калыптанган мамилелердин маңызын ачып, алардын натыйжасы укуктук мамилелерди жана кыргыздын салттуу коомунун укуктук системасынын калыптануусунун негизин түзөт. Кыргызстанда мусулман дининин кеңири жайылышын эске алуу менен аталган көйгөйдү изилдеп-үйрөнүү, адаттын жана шариаттын ченемдери юридикалык күчкө ээ болбосо дагы, кыргыз коомунда өзүнүн ролун аткарууну улантып жаткандыгы тууралуу түзүлгөн жагдайды объективдүү түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Эмгекте Кыргыз Республикасынын укук системасын жакшыртууга багытталган практикалык сунуштар берилген.

Изилдөөнүн материалдары мыйзам чыгаруу жана илимий-изилдөө иштеринде, андан башка мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы, мусулман укугу боюнча окуу китептерин, окуу-методикалык куралдарды иштеп чыкканда, юридикалык антропология боюнча атайын курстарды окутууда колдонулат.

**Диссертациянын коргоого чыгарылып жаткан негизги жоболору:**

**1.** Адат менен шариат кыргыз элинин салттуу укугун түзөт жана аны изилдөө менен юридикалык антропология алектенет.Укукка антропологиялык мамиле бул- ар түрдүү коомдун жана этностун укуктук системасынын чегиндеги тигил же бул багытындагы укуктук өнүгүшүнүн өбөлгөлөрүн түзгөн коомдук мамилелердин маңызын ачуучу адамдык өлчөм.

Адамдын укуктук турмушуна болгон учурдагы мамилеси жана агаылайык аны менен бирге пайда болгон анын укугу- адамдык өлчөм.

Салттуу кыргыз коомунда төмөнкү укуктук тутумдардын негизги элементтери көрсөтүлгөн:нормативдик, институционалдык жана социологиялык. Адат менен шарияттын өз ара аракеттеринин натыйжасында кыргыз элинин укуктук тутуму өркүндөтүлгөн.

**2.** Каралган изилдөөлөргө жүргүзүлгөн талдоолордун негизинде адаттынавтордук аныктамасы сунушталат, аны төмөнкүдөй түшүнүүгө болот- *узакка созулган колдонуунун натыйжасында коомдо таанылган жана сакталган моралдык-этикалык, салттык, укуктук жана бейукуктук ченемдердин жыйындысы.* Исламды таратуу акырындык менен шарияттын ченемдерин кабыл алууга алып келген, бирок адат коомдук мамилелерди жөнгө салууда өзүнүн аныктоочу ролун сактап калган.

**3**. Шарияттын коомдук мамилелерге тийгизген таасиринин негизинде салттуу кыргыз коому өзгөрүүгө туш болгондугу далалденген. Ислам кабыл алынгандан кийин шариятжана адатченемдери өз ара аракетке келип, шарияттагы универсалдык принциптер жана конфессионалдык бирикмелер улуттук жана маданий өзгөчөлүктөрдүн тоскоолдуктарын айланып өтүүгө жана элдерди бирдиктип коомго кошууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Шарият- бул мусулмандардын коомдук мамиледеги жүрүм-турумун жөнгө салууга багытталган жана жазма эскертүүлөрдү аткаруучу диний жана укуктук ченемдердин жыйындысы.

Исламда калыптанганмамлекеттик тузумдун модели башкаруунун мурунку түрк тутумунан мусулмандаштырылган тутумуна өтүшүнүн артыкчылыгын көрсөткөн.

Ханафиттик укуктук мектептин уруксат берүүсүнүн жыйынтыгында, шарият менен түз жөнгө салынган мусулман элдеринин көптөгөн үрп-адаттары адат укугунун ченемдериндеукук колдонуу тажрыйбасында чагылдырылган.

**4.** Кыргыздардынпатриархалдык-уруулук мамилелери жана экономикалык түзүлүшү үй-бүлөнүн формасын, курамын жана түзүлүшүн, үй бүлөдөгүмүлктүк мамилелерин аныктаган, шарияттын жана адаттын ченемдери жөнгө салынуусу боюнчаүй бүлө мүчөсүнүн укуктук абалына тассир тийгизген.

Өз ара аракеттеринин жыйындысында шарияттын айрым ченемдери патриархалдык коомдун кызыкчылыктарына жооп бергендиктен адатка айланган. Кыргыздардын үй-бүлө-нике мамилелери шариат көбүрөөк таасир берген коомдук мамилелер тармагына кирет.

**5.** Шариат адаттан айырмаланып, коомдук мамилелер кыйла өнүгүүгө ээ болгон жарандык-укуктук институттар менен жөнгө салып келгендигине далилдер бар. Адат менен шариаттын ченемдеринин өз ара таасир беришинен улам кыргыз коомундагы жарандык-укуктук мамилелер өркүндөтүлгөн; менчиктин жаны формалары пайда болот, келишимдик-милдеттик мамилелер бир түргө келет. Кыргыздарда менчиктин жеке жана коллективдүү формалары болгон. Коңшу элдер менен соода-сатык мамилелеринин өнүгүшүкыргыздардын табигый чарбадан товар өндүрүүчү чарбага өткөндүгүндө шарт түзгөн.

**6.** Кыргыздардын салттык коомундагы кылмыш-жаза укугунун аныктамасында адаттын үстөмдүк кылгандыгын адамдык өлчөм аныктаган.

Адаттын жана шариаттын ченемдеринде «кылмыш» түшүнүгү каралып, коомго келтирген зыяндын деңгээлине жараша оор жана анча оор эмес кылмыш деп бөлүнгөн. Коомдук коркунучтардын даражасына жараша жазанын ар кандай түрлөрү адаттын жана шариаттын ченемдери боюнча кабыл алынган. Күнөөлүү адамдарга карата жазанын ар кандай түрлөрү колдонулган, адаттын жана шариаттын ченемдери боюнча алар дайыма эле окшош болгон эмес.

Кылмыш жана жаза укук тармагындагы шарияттын ченемдери тууганчылык мамилелеринин басымдуулук кылгандыгына, экономикалык түзүлүштүн өзгөчөлүгүнө, ошондой эле кыргыз элинин исламды үстүртөн кабыл алышына байланыштуукеңири колдонулган эмес.

**7**. Кыргыздардын сот адилеттүүлүгүадат менен шарияттын ченемдеринин негизиндеги элдик бийлер жана казылар соту укук системасынын инстуционалдык элементи катары далилденген.

Бий менен казылардын өздүк сапатынын моралдык-этикалык талаптары, сот түзүлүшү жана соттук өндүрүштүжөнгө салуучу укуктук ченемдер адат менен шариятта камтылган.

Юридикалык антропология адамды жана ал түзгөн укукту изилдейт, ошол себептен соттун жеке сапатына өзгөчө көңүл бурулган. Адаттын жана шарияттын ченемдери тарабынан бийлерге жана казыларга төмөнкүдөй талаптар коюлган: өздүк сапатынын оң жеке сапаттарга тууганлардын арасындагы жогорку даража жана укуктук ченемдердин билгендик.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык эмгек өз алдынча аткарылган илимий изилдөө иши болуп саналат. Коргоо чыгарылган диссертациянын жоболору диссертант тарабынан жеке иштелип чыккан.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын жактыруу.** Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча иштелген негизги теориялык жоболор жана практикалык сунуштар төмөнкү илимий- теориялык жана практикалык конференцияларда каралган: «Азыркы Кыргызстандагы дин, саясат жана укук» (15 декабрь 2015 ж., Бишкек ш.); «Инсан, коом, мамлекет жана укук. Дал келиши жана өз ара аракеттеринин көйгөйлөрү» (31 май 2017 ж., Бишкек ш.); «Эл аралык гуманитардык укуктун ченемдери жана ислам (шариат)» ( 20 сентябрь 2017ж., Ош ш.).

Диссертациянын материалдары: 1) Новосибирск мамлекеттик техникалык университетинин юридикалык факультетинин эл-аралык укук адистигинин студенттерине «Адат менен шариаттын ченемдеринин катышы» (20 саат)деген атайын курсту иштеп чыгууда; 2) Кыргыз-Россия Славян университетинин юридикалык факультетинин студенттерине жана магистранттарына «Ислам светтик мамлекетте» (12 саат) деген атайын курсту иштеп чыгууда колдонулган.

Диссертациялык эмгектин жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүнүн отурумунда талкууланган.

**Дисстертациянын жыйынтыктарынын толук чагылдырылып жарыяланышы.** Жоболор, корутундулар жана практикалык сунуш-көрсөтмөлөр Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестация комиссиясы тарабынан сунушталган илимий журналдарда сегиз илимий макалаларда чагылдырылган.

**Эмгектин түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, сегиз бөлүктү камтыган үч главадан, корутундудан жана практикалык сунуш-көрсөтмөлөрдөн, колдонулган адабияттын тизмесинен турат.

## ЭМГЕКТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу негизделген; эмгектин максаттары жана милдеттери, илимий жаңылыгы жана чыгарылган жыйынтыктардын практикалык мааниси аныкталган; жактоого чыгарылып жаткан жоболор түшүндүрүлгөн; изилдөөнүн корутундуларынын жактырылгандыгы жана жарыялангандыгы туурасындагы маалыматтар көрсөтүлгөң.

**Биринчи глава *«Адат жана шариат кыргыз элинин салттуу укугу»*** үч бөлүмдөн турат.

**Биринчи главанын биринчи бөлүмү *«Адат жана шариаттын укуктук системадагы өз ара аракеттерин изилдеп-үйрөнүүдөгү антрополиялык мамиле»,*** анда автор тарабынан кыргыздардын салттуу укугун изилдеп-үйрөнүүдө юридикалык антропологиянын артыкчылыктары ачылып берилген. «Укук - өнүгүүнүн маданий-тарыхый түрү катары цивилизациянын бир бөлүгү» *[Ковлер, А.И. Антропология права [Текст]: учебник для вузов / А.И. Ковлер. – М.: Норма, 2002. С.194]* деген тезис боюнча, элдин үрп-адат жана каада-

салттарына негизделген кыргыз адатын, көчмөн цивилизациянын жөнгө салуучу – социомаданий феномени катары ишенимдүү мүнөздөсө болот.

Белгилүү бир цивилизациянын, ар түрдүү факторлордун таасири алдында коомдук мамилелелердин өзгөчөлүгүнө негизделген өзүнүн ченемдик-укуктук системасы жаралат, аталган ченемдер адамдын жана жалпы коомдун кызыкчылыгын чагылдыргандыктан элдик деп эсептелинет. Юридикалык антропология элдин укугун эле эмес, укуктун тигил же бул багытта өнүгүүсүн шарттаган укуктук чындык жана өбөлгөлөрдү изилдейт, коомдук тиричиликти юридизация кылуу жараянында адамдын ролун карап чыгат, ар кыл укуктук ченемдердин өз ара аракеттеринин бирдиктүү укуктук мейкиндиктежаңы ченемдерди түзүүсүнө мүмкүнчүлүк берген укуктук акультурациянын өзгөчөлүктөрүн ачып берет. Шариаттан өздөштүрүлгөн айрым ченемдер жана институттар кыргыздардын укуктук системасында орун алууга жөндөмдүү болуп чыкты, анткени алар бири-бирине салыштырмалуу жакын жана кыргыз элинин менталдык кодуна тура келет. Шариаттын айрым ченемдеринин кыргыз коомчулугунун укуктук талаасына орун алынышынын өзгөчөлүгү, кыргыздар укуктук тутумдагы боштуктарды толтуруу үчүн шариаттын айрым ченемдерге гана жол берип, жашоону өзүнүн адат ченемдери боюнча улантышкандыгында жатат. Салттуу кыргыз коомчулугунун укуктук тутуму иштеп жаткан ченемдерди алмаштыруу жолу менен эмес, шариат менен адаттын ченемдерин эске алып, жаңы ыкмаларды иштеп чыгуу жолу менен өнүккөн.

Кыргыздардын салттуу укугу боюнча юридикалык-антропологиялык изилдөөлөр Кыргызстан Орусия империясынын курамына киргенден кийин орусиялык окумуштуулар тарабынан кызуу жүргүзүлгөн, бүгүнкү күндө бул багыттагы ата-мекендик изилдөөлөр менен Сооронкулова К. С. *[Сооронкулова, К.С. Обычное право и современная правовая система Кыргызской Республики [Текст]: дис… канд. юрид. наук: 12.00.01 / К.С. Сооронкулова. – Бишкек, 2009. – 187 с.]* алектенүүдө.

**Биринчи главанын экинчи бөлүмү** ***«Адат түшүнүгү жана түзүмү»***, анда «адат» түшүнүгү жана анын түзүмдүк элементтери ачылып берилет.

Изилдөөчү А. К. Алимжан адат түшүнүгүнө негизги дин катары, исламды кабыл алган белгилүү бир коомчулуктун адаттагы укугу катары аныктама берген *[Алимжан, К.А. Вопросы теории обычного права [Текст]: монография / К.А. Алимжан. – Алматы: ИЦ ОФ «Интерлигал, 2003.С. 247]*. «Адат» мусулман элдеринин адат укуктарынын ченемдеринин жыйындысы *[Агакеримова, Ч.А. Взаимодействие в Дагестане адата, шариата и законов Российской империи: историко-правовой аспект [Текст]: дис. … канд. юрид. наук: 12.00.01 / Ч.А. Агакеримова – Краснодар, 2008. – С. 62]*. Ошентип, исламдаштыруу доорунда күнүмдүк колдонуудагы тилге киргизилген «адат» аттуу араб сөзү, «адат укугун» жана исламды кабыл алган баардык борборазиялык элдер менен Түндүк Кавказ калкынын жалпы каада-салт жана үрп-адаттарынын баардык жыйындысын белгилөө үчүн колдонулат. Ошондуктан улам диссертант адатка аныктама берүүнү сунуштайт, анда, узак убакыттар бою колдонулуп, жыйынтыкта коомдо кабыл алынган жана тутунган укуктук жана укуктук эмес

мүнөздөгү үрп-адаттардын, салт-санаалар, моралдык-этикалык ченемдердин жыйындысы деп түшүнүү сунушталат.

Адат бул «жандуу укук». Профессор Е.Б. Абдрасулов: «Адат укугунун ченемдик-укуктук мазмуну ар дайым адат ченемдеринин эсебинен байып турганын, үрп-адаттардын укуктук адат ченемдерине үзгүлтүксүз кошулуп тургандыгын белгилейт. *[Абдрасулов, Е.Б. Роль суда биев в совершенствовании норм обычного права// Древний мир права казахов. Материалы, документы и исследования: В 10 т. Жеті жарғы, Алматы, 2009. -С.392].* Коомчулуктун кызыкчылыгына жооп бербеген эски үрп-адаттар тарыхый жана укуктук өнүгүү жараянында жаңыларына алмаштырылып турган. Үрп-адаттар коомдук мамилелердин өнүгүүсүнө көз каранды болбостон жаңырып, трансформация болуп турган.

Адаттын булактары болуп укуктук үрп-адат, ченемдерди камтыган келишимдер, укуктук прецедент, укуктук акт, диний уруксат берүүлөр жана тыюу салуулар, моралдык-этикалык көрсөтмөлөр, эпикалык түшүндүрмөлөр, акыл-насааттар, сот чечимдери, макал-лакаптар, учкул сөздөр жана эрежелер эсептелет.

Шариат менен өз ара аракет контекстинде алганда, үрп-адаттардын негизги үч түрүн айырмалап караса болот. Биринчи топко, шариатка кирген үрп-адаттар тиешелүү; экинчиге – шариат тыюу салбаган үрп-адаттар; үчүнчүсү – шарият менен түздөн-түз тыюу салынган үрп-адаттар.

Салттуу кыргыз коомчулугунда адат ар кандай учкул сөздөр ирээтинде оозеки түрдө кийинки муунга өткөрүлүп келген, аймактардын таасирине жана ар кандай билермандардын илими менен чечмелөөлөрүнүн таасири астында анча чоң эмес мазмундук айырмасы болгон. Ээн-эркин, жетиштүү деңгээлде өзгөрүлүп, кошумчаланып турган. Адат ченемдеринин алып жүрүүчүлөрү үрп-адат жана каада-салт билермандары, уруу аксакалдары, бийлер болгон.

**Биринчи главанын үчүнчү *бөлүмү «Шариаттын салтуу кыргыз коомчулугуна тийгизген таасири».*** Диссертант тарабынан шариат, анын Кыргызстандын аймагына жайылышы жана салттуу коомго тийгизген таасири изилденет.

Шариат – Куран менен Суннанын негизинде түзүлгөн диний жана укук ченемдеринин жыйындысы, мында ынанымдарга аныктама берилген, мусулмандын адеп-ахлактык жана диний баалуулуктары келтирилген, ошондой эле алар адамдын төрөлгөндөн тартып өлгөнгө чейинки жүрүм-турумун жөнгө салган конкреттүү булактар айтылат. Шариат эки бөлүктөн: теология – акида жана түз укук – фикхтан турат. Фикх мусулман укугу болуп саналат. Фикх өз кезегинде экиге бөлүнөт: биринчиси, мусулмандын тегерегиндеги өзүнө окшошторго (муамалат) карата мамилеси кандай болушу керектигин көрсөтөт, ал эми экинчисинде Аллага карата милдеттенмелер жазылат (ибадат*). [Хидоя. Комментарии мусульманского права: в 2 ч. Ч. 1. Т. I—11 / пер. с англ.; под ред. Н.И. Гродекова; отв. ред., авт. предисл., вступ. ст. и науч. комм. проф. А.Х. Саидов. - М.: Волтерс Клувер, 2010. – С.17-18]*.

Шариаттагы үрп-адаттар далилдин туундусу катары каралып анын түзүлүүсүндө маанилүү ролун ойногон, аль-урф жана аль-адат шариаттын ченемине каршы келбесе, аларды ханафит масхабы «мүмкүн болгон» жана

«жарамдуу» деп караган.

Шариаттын аракетинин өзгөчөлүгү, биринчи планга аймактык эмес, диний принциптин чыгарылышында болуп саналат: мусулман кайсы жерде жүрбөсүн исламга ишенимди сактоо менен исламдын ченемдерин аткарууга милдеттүү.

Кыргызстандын аймагында жашаган элдерди исламга киргизүү эки баскыч менен өткөн: биринчи баскыч, өзүнө араб баскынчылары тарабынан кудайсыздарга карата басым көрсөтүү менен кыйнап, мажбурлап ислам динине киргизүүнү камтыйт, экинчи баскычында жергиликтүү эл диндин баалуулуктары менен тааныш болуп калгандыктан, бөтөн элдин кийлигишүүсү жана кысымы жок эле исламды жана аны менен бирге шариаттын айрым ченемдерин кабыл алган. Кыргыздар исламды өздөрүнүн маданий-цивилизациялык, улуттук өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кабыл алган.

XIX кылымдын экинчи жарымында шариаттын айрым ченемдери бийлердин сотунунун чечимдеринде жана алар тарабынан чыгарылган эрежелерде байкала баштаган. Шариаттын таасири көбүнчө кыргыздардын үрп-адаттарында, мисалы, ат коюу, эркек баланы сүннөткө отургузуу, салттуу иш-чараларды өткөрүүдө, жаназа жана эскерүүлөрдө байкалган. Укуктук тармакта шариаттын ченемдери кыргыздардын үй-бүлө-нике жана жарандык-укуктук мамилесинде туруктуу бекитилген. Ошентип башкаруунун түрк тутумунун ордуна келген мамлекеттик башкаруунун мусулмандаштырылган системасы келген *[Бейшембиев, Э.Ж. Кыргызстан: от кочевого к суверенному государству. «Вестник КГЮА» № 2. - Бишкек, 2008. – С. 16].*

**Экинчи глава *«Кыргыздардын коомдук мамилелерин адат жана шариаттын ченемдери менен жөнгө салуу»***, ал үч бөлүмдөн турат.

**Биринчи бөлүм *«Кыргыздардын үй-бүлө-нике мамилелерин жөнгө салууда адат жана шариаттын өз ара аракеттери».*** Анда кыргыздардын үй-бүлө-нике мамилелери - шариаттын таасирине көбүрөөк дуушар болгон укук тармагы экендигин негиздеп берет. Герменевтикалык ыкма Курандын аяттарын жана эрежелерин жоруу жолу менен үй-бүлө-нике мамилелеринин маселелери адат менен шариатта тиешелүү тактыкта жөнгө салынган деген корутунду чыгарууга мүмкүндүк берди.

Изилдөөгө алынган мезгил ичинде нике түшүнүгү эркек менен аялдын баш кошуусу катары аныкталат, баш кошуунун максаты бул үй-бүлө куруу, ушундан улам жубайлардын укуктары жана милдеттери келип чыгат. Нике- үй-бүлө мамилелери адаттын жана шариаттын ченемдери менен жөнгө салынган. Кыргыздарда көп учурда бир эле нике болгон (моногамия), бирок ошол эле учурда көп аял алуу (полигамия) учурлары да кездешкен. Полигамиялык же көп аялдуу үй-бүлөлөрдө аялдардын абалы адат менен жөнгө салынган, буга байбиче, токол, аксакалдык сыяктуу түшүнүктөр күбө.

Адаттын жана шариаттын бири-бирине өз ара таасир берүүсүнүн жыйынтыгында, үйлөнүп жаткан балдардын ата-энелеринин же ошол адамдарга камкордук көргөн адамдардын макулдугу, экзогамия талаптарына ылайык келүү, калың же махра төлөө никеге туруунун негизги шарттарынан болгон. Бир эненин сүтүн эмген балдарга жана никеге туруу жагында тууганчылык жайы барларга,

жубайлардын биринин психикалык оорусу бар болсо же айыкпас дартка чалдыккан болсо үйлөнүүгө тыюу салынган.

Никелешүү үчүн адамдардын жашын аныктоодо адат менен шариаттын ченемдери бири-бирине карама-каршы келген. Шариат боюнча кыздар 9 жашынан, эркек балдар 13 жашынан никеге тура алат, бул жагдай кыргыздарды адат укугу менен аныкталган курактан кыйла ылдый болгон. Кыргыздар никеге туруу курагын аныктаганда адат ченемдерине таянган, кыздарды 13-15 жашынан,балдарды 16-18 жашынан бойго жетти деп эсептешкен.

Диссертант ажырашуу укугуна эркек сыяктуу эле аялдар дагы ээ болгонун негиздеп берген. Аялдын демилгеси боюнча ажырашуу көбүнчө шариаттын таасири менен мүмкүн болгон. Адат менен шариатта ажырашуу жол-жобосу жана аны талап кылуу негиздери жетишээрлик түрдө жөнгө салынган. Мусулмандык укуктан ооп келген «талак» институту ажырашуу процедурасын жеңилдеткен жана эркектин аялдан баш тартуусунун себептерин талап кылган эмес. Бирок кыргыздарда бул эреже жөнөкөйлөштүрүлүп жана жеңил түрдө колдонулган, укук аракеттер эмес, идея гана таанылган.

Жалпысынан алганда, үйлөнүү-үлпөт жөрөлгөлөрү үрп-адаттар жана каада-салттар менен жөнгө салынган, исламдын таасири астында аларга «нике кыюу»каадасы гана кошулган. Нике кыюу – никеге туруунун милдеттүү баскычы, юридикалык күчкө ээ болгон никелешүү каадасы.

Адат ченемдеринде да, шариат ченемдеринде да бала асырап алуу эки башка процедура менен өткөн. Адат менен шариаттын жоболору айырмаланган жагдай: исламда бакма бала биологиялык атасына катталып, аны багып алгандардын өз балдары менен тең укукка ээ болгон эмес. Ал эми кыргыз коомчулугунда мурас боюнча жана мыйзам боюнча мураскерлик тажрыйбасы колдонулган. Мураскерлик боюнча шариат менен адаттын ченемдерине мүнөздүү универсалдуу принциптердин арасынан мураскерлердин тобунун кезектешүүсүн, сунуштоо укугун таануу жана «татыксыз мураскерлер» түшүнүгүн озунчө бөлүп караса болот.

**Экинчи главанын экинчи бөлүмү** ***«Жарандык-укуктук мамилелердеги адат менен шариаттын өз ара байланышы».*** Кыргыздардын исламды кабыл алуусу менен кыргыз коомунда шариаттын ролу жогорулаган, адат өзүнө зарыл болгон шариаттын ченемдерин сиңирүү менен жарандык-укуктук мамилелерди жөнгө салуучу тең укуктуулукту сактап калган. Шариат, өнүккөн феодалдык коомду тейлеген, ушундан улам ал кыргыздардын укук системасында жаңыдан гана өнүгүп келе жаткан жарандык-укуктук мамилелердеги боштуктарды толуктоо жана жакшыртуу артыкчылыгына ээ болгондугун белгилеп кетүү керек.

Жарандык укуктун объектилери болуп, башка адамдардын буюмдары, кыймыл-аракеттери, ошондой эле жеке мүлктүк эмес укуктар, материалдык эмес байгерчилик эсептелет. Жарандык укуктун башкы объектилери болуп, жер, жайлоо, мал, боз үй, жабдуулар, үй буюмдары, кийим-кече ж.б. эсептелет. Башка адамдардын кыймыл-аракеттери дагы объектилерден болуп саналган. Буюмдар кыймылдуу, кыймылсыз, бөлүнүүчү, бөлүнбөс, колдонууга уруксат берилген (адал), уруксат берилбеген (арам) болуп бөлүнгөн.

Жарандык укуктук мамилелеринин субъектилери негизинен укук алууга жөндөмдүү жана жөндөмдүү эмес жеке адамдар болгон. Адамдардын укук алуу жөндөмдүүлүгү жана иш алып баруу жөндөмдүүлүгү ээлеген мүлкү, жынысы жана дин тутуу белгилери боюнча аныкталган. Укук алуу жөндөмдүүлүгүнө адам төрөлгөндөн баштап ээ болуп, ал дайынсыз жоголгон учурда же өлгөндө ажыраган.

Профессор К. Нурбеков белгилегендей,  коомчулуктун белгилүү бир өнүгүү мезгилиндеги саясый жана укуктук реформалардын негизинде экономикалык түзүлүш жатат*[Нурбеков, К. История государства и права Киргизской ССР [Текст] / К. Нурбеков. – Б.: КГУ, 1999. – С. 15]*, ошентип коочулуктун тиричилигин юридизация проессинде түзүлгөн укук элдин социалдык-экономикалык чагылышы болуп саналат. Көчмөн цивилизациясы, коомдун уруулук курамы менчикти түшүнүү үчүн «адамдык өлчөмдүн» калыптануусун шарттады. Кыргыз коомчулугу менчиктин жеке жана жамааттык формасын билген.

Кыргыздардын малы байлыктын негизги булагы болгон, бардык мүлк мамилелери малга жана мүлккө менчик укугунда ээ болууга негизделген. Малга жана мүлккө уруктун белгиси- эн тамгасы коюлган. *[Молдоев, Э.Э. Право собственности в обычном праве кыргызов. Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. Бишкек. - 2017. № 4-4. – С. 82]*. Тамга, символ жана башка белгилер кыргыздын салттуу коомунда менчиктин пайда болушу жана анны укуктук коргоо зарылчылгынан келип чыккан. Тамга, символ жана башка белгилерди юридикалык антропологиянын семиотика методу изилдейт. Ар кандай символдорду жана уруулардын «тамгасын» киргизүү адамдын реалдуу турмушун юридизациялоонун элементи катары коомдогу экономикалык, саясий жана социалдык мамилелерди жөнгө салууга багытталган.

Шариатта тыюу салынгандардан (арам) тышкары, кандай гана түрдөгү мүлк же аракеттер боюнча келишим түзүлө берген. Тыюу салууга Курандын 3-аятынын «Аль-Маида» сүрөсү негиз болгон: «Өлгөн малдын этин, чочконун канын, этин, Аллахтын аты айтылбаган бардык нерселерди колдонгонго…» *[Коран: Перевод смыслов и комментарии [Текст] /Э. Р. Кулиев; Пер. с араб. Э.Р. Кулиева. – М.: Эксмо, 2016. – С.111]*. Келишимдер: шариатка ылайык түзүлгөн жана шариатка каршы түзүлгөн болуп бөлүнгөн. *[Нурбеков, К. История государства и права Киргизской ССР [Текст] / К. Нурбеков. – Б.: КГУ, 1999. – С. 73]*.

Кыргыздардын мүлк жана милдеттик мамилелери адат жана шариат менен бекитилген мажбурлоо мүнөзүндөгү материалдык-укуктук чаралар менен коргоого алынган жана кепилдик берилген, аларды укук бузуучуларга колдонгон учурда бузулган укуктун орду толукталган.

**Үчүнчү бөлүм *«Салттуу кыргыз коомундагы кылмыш жана жаза».*** Кыргыздарда укукка каршы баардык жосун кылмыш болобу, жарандык укук бузуу болобу «кылмыш» түшүнүгү менен аныкталган. Жалпысынан адат менен шариат боюнча оор кылмыштардын тизмеси негизинен бирдей болгон, бир гана айырма бар, динден четтөө оор кылмыш деп эсептелген.

Шариат менен адатта кылмыштын субъектиси акыл-эси ордунда жана белгилүү куракка жеткен адам болууга тийиш деп белгиленген. Кылмыш-жаза жоопкерчилигине 13 жашка чыккандар, башкача айтканда, балакатка жеткендер тартылган.

Шариат боюнча дагы, адат боюнча дагы кандай гана кылмыш болбосун, жоопкерчиликтин эки түрү белгиленген:

1) денеси менен жоопкерчиликке тартуу - жасаган кылмышы үчүн күнөөлүү адам өзүнүн өмүрү менен жооп берген же жазаны денеси менен тартууга дуушар болгон;

2) материалдык жоопкерчилик - айып төлөөгө алып келген кылмыштар.

Адат боюнча жазаны аныктоодо материалдык жана дене менен жоопкерчиликке тартылуунун ар кандай түрлөрү мумкүн болгон. Шариатта картина башкача, анда кылмыштын оордук даражасына жараша жазалардын хадд, кисас жана тазир категориялары болгон. Адат менен шариаттын ченемдери кээде бирдей эле кылмыштар боюнча эки башка жазаларды белгилегенине карабай, алар адилеттик, мыйзамды сыйлоо, урууну, үй-бүлөнү жана жамаатты коргоо сымал жалпы баалуулуктарга түздөнөт.

Күнөлүү деп табылгандарды өлүм жазасына, дене жазасына, айыпка тартышкан, кун төлөтүшкөн.

Жазалардын негизги максаты, моралдык зыянга компенсация төлөө, өч алуу жана материалдык зыяндын ордун толуктоо болгон. Жазалоо гумандуулук принцибине ылайык чечилген. Кыргыздын салттуу коомундагы жаза баарыдан мурда майыптын, үй-бүлөнүн, уруунун укугуна жана коомдогу тартипке кепилдик берген «өз ара аракетти» камсыздоого багытталган.

Исламдын позициясынын бекемделиши менен жеке жоопкерчилик түшүнүгү эволюцияланган. Укук процедурасы, сот адилеттигин ишке ашыруу каражаттары өзгөрүүгө дуушар болот. Кыргыздын салттуу коомундагы кан-кан менен өч алуу институтунун тарыхый өзгөрүшүнүн динамикасы мисал болот. Бул жерде шариаттын таасиринен жеке жоопкерчилик жамааттыктан бөлүнүп, өлүм үчүн жоопкерлердин ордуна жалгыз айыпкер калтырылган.

Автор, башка көпчүлүк изилдөөчүлөрдөй эле кыргыздардын кылмыш-жаза укугунун алкагында адаттын үстөмдүк кылгандыгын белгилейт: кыргыздардын кылмыш-жаза адат укугу изилдөөгө алынган мезгил ичинде патриархалдык-уруу түзүлүшүнүн калдыктарды сактап калуу менен салттуу мүнөзгө ээ болгон. Укук ченемдер араларында даана-так чек болбогон диний жана моралдык каадалар менен жакындан уйкалышып, өз ара аракетте болушкан.

**Үчүнчү глава** ***«Адат жана шариат боюнча сот адилеттүүлүгү»*** эки бөлүмдөн турат.

**Үчүнчү главанын биринчи бөлүмү** ***«Кыргыздардын элдик соту»,*** анда бийлердин элдик сотунун түзүлүшүн жана сот өндүрүшү талдоого алынган.

Адат боюнча сот адилеттүүлүгү үч түрдүү соттор аркылуу ишке ашкан: «айылдык бийлер соту, уруктук бийлер соту жана урук, уруу жана коншу элдердин ортосундагыбийлердин жөнөкөй жана атайын курултайы».*[Борубашов, Б.И. Государственно-правовое регулирование общественных отношений кыргызов в*

*составе Российского государства (1855-1917 гг.) [Текст] /Б.И. Борубашов. – Бишкек, 2009. –С.204].*

Соттук териштирүүнүн тараптары өздөрүнүн көңүлдөрүнө жараша каалаган бийге же үчүнчү жактарга кайрылган. Адат жарандык сот менен кылмыш сотун өзүнчө бөлүп чек койгон эмес.

Соттук процесс төмөнкү баскычтарды өзүнө камтыган: 1) бийлер сотунда иш козгоо; 2) тараптарды элдештирүү аракети; 3) соттук териштирүү; 4) чечимге даттануу; 5) чыгарылган чечимди аткаруу. *[Турсунбаева, Н.С. Судоустройство и судопроизводство по обычному праву кыргызов[Текст]: автореф. дис. канд. юрид. наук: 12.00.01/Н.С. Турсунбаева. -Бишкек, 2018. - 25 с.].*

Элдик бийлер чыгарган чечимдер калыптанган соттук-тажрыйбанын негизинде ыктыярдуу жана өзубагында аткарылган. Салттуу коомдогу сот чечимдеринин ишке ашырылуусунун өзгөчөлүгү анын ыктыярдуу аткарылышында болгон. Бул жердеги маанилүү нерсе, адамдын укуктук ченемди кабыл алуусу, анда белгилүү укуктук аң-сезимди калыптандырып, соттун чечимин мажбурлоосуз, ыктыярдуу түрдө аткаруусуна түрткү берген.Чечим чыгарууда белгилене турган жазанын түрү кылмыштын ордугуна жана күнөөлүүнүн коомдогу ордуна түздөн-түз көз каранды болгон.

Күнөөлүү же күнөөлүү эместигин далилдөөнүн башкы ыкмаларынын бири болуп ант берүү эсептелген.Ант берүү, касам ичүү адат жана шариат боюнча да аткарылган. Ант берүү, касам ичүү соттук далилдөөнүн салттуу укуктук аң-сезимге ылайыкташуусу жана соттук териштирүнүн процеснин негизги далили болгон. Белгилей кетсек, бул институт элдин укуктук маданиятынын, укуктук аң-сезиминин жана укуктук менталитетинин деңгээлин чагылдырат.

**Үчүнчү главанын экинчи бөлүмү «*Кыргыз коомундагы казылардын соту*»** казылар сотунун функциясын ачып берет. Кокон хандыгынын ээлик кылган мезгилде республиканын түштүгүндө бийлер соту менен катар эле казылар сотусоттук өндүрүш жүргүзүшкөн. Казылар жүргүзгөн сот укугунун булагы болуп, коомдун бардык чөйрөсүн жөнгө салган шариаттын ченемдери эсептелген. Кокон хандыгында жаңы мыйзамдар чыгарылган эмес, укуктар шариаттын ченемдерине ылайык өнүккөн.

Казылар, муфтийлер, казы-келон, аглямдар ж.б. жүргүзгөн шариат соту негизинен отурукташкан элдин талаш маселелерин чечкен, бирок кээде жарым отурукташкан кыргыздар арасында да сот ишин жүргүзгөн.

Шариатка ылайык, эркин, дени сак, эрезеге жеткен, керектүү билими бар, өткөн турмушунда жогорку адептүү адамга ылайык келбеген жоруктары менен иштери болбогон жана исламды туткан каалаган мусулман адам казы болуп дайындала алган. Артыкчылык жергиликтүү эл арасында урмат-сыйга ээ жана кара кылды как жарган, калыс талапкерлерге берилген.

Сот процесси атаандаштык мүнөзгө ээ болгон. Сот өндүрүшүндө негизги көңүл тараптар берген далилдерге, күбөлөр берген көрсөтмөлөргө жана ант берүүгө, касам ичүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Сот күнөөнү кабыл алуу же касам ичүүнүн негизинде чечим чыгарган.

«Хадд», «кисас»категорияларында көрсөтүлгөн жазалардан тышкары, казылар жазаларды өздөрүнүн көз карашы боюнча да дайындашкан. Казы

күнөөлүү адамдын денесин, дене мүчөлөрүн жазалоого, өлүмгө буйруу өкүмүн чыгара алган.

Анча маанилүү эмес укук бузууларга барган күнөөлүү адамдарга хандын казынасына айып төлөө өкүмү чыгарылган. Салыкты, сот чыгымдарын ж.б. төлөөгө мүмкүнчүлүгү жок адамдарга мүлкүн тартып алуу же кулчулукка сатуу өкүмү чыгарылган. Жазанын бул түрү көбүнчө калктын жакыр катмарына колдонулган.

## КОРУТУНДУ

Автор тарабынан изилдөөгө алынган адат жана шариаттын кыргыз элинин укуктук системасындагы өз ара аракеттери төмөнкү корутундуларды чыгарууга мумкүнчүлүк берет:

1. Адат менен шариаттын өз ара аракетинин жыйынтыгында кыргыз элинин укуктук системасы жакшыртылган, коомдук мамилелерди жөнгө салууда таасирдүү база түзүлгөн. Адат жана шариат кыргыз элинин салттуу укугун түзгөн.

Аталган тарыхый-укуктук изилдөөдө, изилдөөнүн жана окуп-таануунун жалпы кабыл алынган ыкмаларынын сырткары элдин салттуу укугун изилдеп-үйрөнгөн юридикалык антропология жана анын ыкмаларына кайрылдык. Мындай тандоо атамекендик укуктук илимде адамдын укугу жана тиричилик укугун иликтөөнүн буга чейин болбогондугу менен түшүндүрүлөт. Юридикалык антропология жана ага жакын юридикалык социология менен юридикалык этнологиянын ыкмаларын колдонуу илизденип жаткан теманы заманбап укуктун өнүгүүсү менен жетишкендиктерин эс алып ачып берүүгө мүмкүнүчүлүк берет.

Укукка антропологиялык мамиле–ар кыл этностор менен коомчулуктардын укуктук системаларынын алкагында укуктун тигил же бул багытта өнүгүүсүнө өбөлгө болуп бергенкоомдук мамилелердин негизин ачууга, адамзат тиричилигинин юридизация жараянында адамдын ролун аныктоого мүмкүнчүлүк берген адамдык өлчөм, ал укуктук чындыктын мазмунуна имманенттүү болуп саналат.

Бирдиктүү укуктук талаадагы ар кыл укуктук тутумдар сөзсүз түрдө өз ара аракеттенишет же болбосо жанаша иш алып баруу мүмкүн эмес болгон учурда бири-бирине каршылашышат, жыйынтыкта бир тутум экинчисин өзүнө баш ийдирет. Адат укуга баардык коомдук институттардын функциясынын негизи болгон кыргыз коомчулугунда үстөмдүк кылуучу позициясын сактап калган.

Укуктук-түзүмдүк тутум өзүнө 3 элементти камтып турат: нормативдик; институционалдык; социологиялык. Кыргыздын салттуу коомчулугундагы укуктук тутум жогоруда аталган баардык курамдарга ээ болгондуктан системалуулуктун бүткүл белгилерине ээлик кылган.

2. Жүргүзүлгөн изилдөө «адат» түшүнүгүнө автордук түшүндүрмө берүүгө жана анын түзүмдүк курамдарын ачып берүүгө мүмкүнчүлүк берет. «Адат» термини «адат укугун», «юридикалык үрп-адаттарды» жана жалпы үрп-адат, каада-салттардын жыйындысын белгилөө үчүн колдонулат. Изилдөөчүлөр «адатты» доорлордун түпкүрүнөн муундан-муунга өтүп келе жаткан салттуу ченемдердин жыйындысы катары аныкташуууда.

Заманбап юридикалык адабиятта «адат» көбүнчө «адат укугу» маанисинде колдонулат, адаттардын мындай квалификациясы юридикалык курамын гана ачууга багытталып, аларды мораль жана этикадан четтетип коет. «Адат» термини тар мааниде заманбап юридикалык адабияттарда кабыл алынгандай адат укугу маанисинде колдонулат, ал эми кеңири мааниде алганда «адат» узак убакыттардан бери колдонуунун жыйынтыгында коомчулукта кабыл алынган жана тутунган укуктук жана укуктук эмес мүнөздөгү үрп-адаттардын, каада-салттардын, моралдык-этикалык нормалардын жыйындысы маанисинде колдонулат. «Адат» түшүнүгү «адат укугу» түшүнүгүнөн кыйла кеңири түшүнүк экендиги белгиленет. Курамдык жагынан адат өзүнө укуктук жана укуктук эмес мүнөздөгү үрп-адат, каада-салт, моралдык-этикалык ченемдерди камтып турат.

3. Ислам кыргыз элинин тарыхы жана маданиятынын ажырагыс бир бөлүгү. Шариаттын негизинде жаткан араб үрп-адаттарынын көпчүлүгү, меймандостук, энеге болгон сүйүү жана энени сыйлоо, жаратылыш байлыктарына жана башка бакубаттыктарга кылдат мамиле кылуу, алсыздарды коргоо зарылчылыгы, урууну, үй-бүлөөнү жана мүлктү коргоо зарылдыгы сымал негиздердин көчмөн аймакта колдонулганын эске алганда адат жана шариат патриархалдык тартипти коргойт. Адат жана шариат адамдын өмүрү менен мүлкүн коргойт.

Шариаттын салттуу кыргыз коомчулугуна таасири кыргыздардын ислам жөрөлгөлөрүнө аралашканында. Шариат үй-бүлө-нике жана жарандык –укуктук мамилелерди жөнгө салууда байкалаарлык ролго ээ болгон, мындан сырткары кыргыздар жашаган аймакта буга чейин өкүм сүргөн түрк башкаруу системасы мамлекеттик башкаруунун мусулмандаштырылган системасына алмаштырылган. Мамлекеттик башкаруунун мусулмандаштырылган системасы «уруулардын конфедерациясына» негизинделиген башкаруунун түрк системасы алдында кыйла артыкчылыктарга ээ болгон. Бирдиктүү ченемдер, бийликтин иерархиялык даана-так пирамидасы, борборлоштурулган башкаруу – мунун баары мамлекетти жеңил жана таасирдүү башкарууга жол ачкан. Кийинки өзгөчөлүгү катары исламда улуттук эмес конфессионалдык биригүү идеясынын болушунатаса болот, ал улуттук карама-каршылыктарды айланып өтүп ар түрдүү элдердин бирдиктүү мусулман мамлекетине биригүүсүнө мүмкүнчүлүк берген.

Ханафит Мазхабына ылайык мусулмандаштырылган көпчүлүк элдер укук коргоо тажрыйбасында өздөрүн таба алышты. Аталган мазхаб элдин маданий жана тарыхый өзгөчөлүктөрүн эске алган.

4. Кыргыз коомчулугунда үй-бүлө-нике мамилелери башынан эле адат ченемдери менен жөнгө салынган, патриархалдык коомчулуктун кызыкчылыктарына туура келген шариаттын мүнөздөмөлөрүн таратуу менен укуктук акультуризация процесси жана үй-бүлө-нике мамилелеринде өзгөрүү башталды.

Адат жана шариат өз ара аракет менен никеге кыюу, жубайлардын укуктары жана милдеттери, ата-энелер менен балдардын мамилеси, мураскорлук, камкордук көрүү, ажырашуу маселелерин жөнгө салып, кыргыздардын үй-бүлө-нике мамилелери тармагын толугу менен камтыган.

Кыргыз коомчулугунда ислам позициясы бекемделгенден тарта дин тутуу жагдайы нике кыюуда өзгөрүүлөргө алып келди, түштүк аймактарда жети атага чейинки экзогамия мурдагыдай катаалдыгын жоготту жана бөлөлөр арасындагы никелер пайда боло баштады. Никеге туруу үчүн жаш курак маселесинде адат ченемдери жана шариат таптакыр карама-каршы ойду карманышкан, кыргыздар нике курагын белгилөөдө адат ченемдерин колдонушкан. Шариаттын таасири алдында үйлөнүү үлпөтүндө «нике» жөрөлгөсү пайда болот, аял кишиде негиз болгон маалда ажырашуу талабын коюу жана мураскорлук укугун алган. Мусулмандык укуктан алынган «талак» институту, ага чейинки ажырашуу процедураларынын ордун басты.

Адат ченемдери жана шариат маркумдун мүлкүн бирдей бөлүштүргөн, жетектеп каралашуу жана камкордукка алуу институттарын билген.

5. Кыргыздардын жарандык-укуктук мамилелери, адат мнен шариаттын чечнемдери аркылуу жөнгө салынган. Ал жеке менчикке кол тийбестик принцибинен, адамдарды алардын айкын жана юридикалык тең эмес абалына жараша социалдык топторго бөлүү, мүлкүнө, жынысына жана тутунган динине карап бөлүүдөн келип чыккан. Кыргыздардын салттуу коомундагы менчиктин укуктук аспектилери, алардын жеке жана жамаатык формалары изилденген.

Шариат адаттан айырмаланып коомдук мамилелерди кыйла өнүккөн жарандык-укуктук институттар менен жөнгө салган. Адат менен шариаттын өз ара аракетинин жыйынтыгында кыргыз коомчулугундагы жарандык-укуктук мамилелер жакшыртылган.

Кыргыздарда жерге болгон ээликтин жаңы түрлөрү пайда болот, келишимдик жана милдеттүү мамилелер бирдиктүү формага алынып келинген жана жакшыртылган. Коомчулуктун кызыкчылыгын коргоо максатында адат жана шариат келишим түзүү тартибин жана келишимдин аныктыгынын шарттарын кеңири баяндайт.

Кыргыздардын исламды кабыл алышы жана соода мамилелерине катышуусу менен шариаттын ролу бир топ жогорулады, адат мусулмандык укуктун кыйла жакшыртылган системасынан керектүү ченемдерди өзүнө сиңирип жатты. Кыргыздардын соода-сатыкка катышуусу табигый чарбадан товардык-өндүрүш чарбасына өтүүсүн шарттаганы адат жана шариаттын өз ара аракетине көмөкчү болду, буга байланыштуу борборазиялык көпчүлүк өлкөлөрдүн элдеринин сооданы шариат менен жүргүзүшкөн.

6. Өкүм сүргөн укуктук реалдуулук жана адамдын кызыкчылыктары кыргыздардын кылмыш –жаза укугунда адаттын үстөмдүк кылуусун шарттаган. Шариаттын ченемдери кылмыш-жаза укугу тармагында, кыргыз элинин исламды үстүртөн тааныганына, экономикалык тартиптин өзгөчөлүгүнө, мындан сырткары тууганчылык мамилелердин үстөмдүк кылганына байланыштуу кеңири колдонууга алынган жок.Адат менен шариат бир эле кылмышты эки башка коомдук коркунуч катары караган. Кыргыздарда кылмыш түшүнүгү мыйзамсыз баардык иш-аракеттерди камтыган, ал жазага тартууда маанилүү роль ойногон.

Жазага тартуу концепциясында адат жана шариаттагы принципиалдуу айырмачылыкты белгилей кетүү керек. Адат ченемдери кылмыш ишин жабырлануучунун укугун бузуу катары караган жана бузулган укукту калыбына

келтирүү, зыяндын ордун толтурууну максаттаган. Шариат мындан сырткары айыптууну коркутуу жана ырайымсыз жазага тартуу максатын көздөгөн, ал мусулманга баш ийүү жана момундукту буйругандыктан, кылмыш баарынан мурда жабырлануучунун укугунун бузулушу эмес, кудуреттүүнүн эркине баш ийбестик катары каралган.

Шариаттын таасири менен, адат боюнча кылмыш тобуна динге каршы кылмыштар: динден четтөө жана ага акаарат кылуу кошулган. Шариат жазыксыздык жоромолу институтун бекитти. Шариаттын ченемдери талап кылгандай, кылмыш далилдениши керек, далилденбеген жана негизсиз айып дагы кылмыш деп эсептелинип, соттук териштирүүгө жатат.

7. Кыргыздарда сот адилеттүүлүгү адат жана шаритаттын ченемдери менен элдик соттун алкагында бийлер соту жана казылар соту тарабынан жүргүзүлгөн, алар укуктук системанын институционалдык элементтери катары каралган. Бийлер соту көчмөн, казылар соту – отурукташкан калкка кызмат көрсөткөн, бийлер соту казылар сотун жокко чыгарган эмес. Сот бийлигинин органдары, курамы, түзүлүшү, соттошуу, сот өндүрүшү жана соттук териштирүүнүн предмети адат жана шариаттын ченемдери менен жөнгө салынган.

Сот адилеттүүлүгү коом алдында ачык-айкын жана адилет принциптери боюнча ишке ашырылган. Адатта жана шариатта соттук түзүлүш жана соттук өндүрүштү жөнгө салган укуктук ченемдердей эле, бий менен казыларга моралдык-этикалык ченемдер да мүнөздүү болушу керек болгон.Антропологиялык изилдөөнүн алкагында соттордун өздүгүнө өзгөчө маани берилген, алардын өз милдеттерин аткаруусу үчүн укуктук ченемдерди билүү жана жеке сапаттары боюнча талаптар коюлган.

Бийлердин элдик сот институту соттук функциянын административдиктен бөлүнүшүнүн жыйынтыгында пайда болгон. Бийлердин элдик соту эл тарабынан түзүлгөн, соттор эларасынан шайланган, сот адилеттүүлүгү элдин кызыкчылыктарына жооп берген элдик үрп-адатка негизделип аткарылып турган, буга байланыштуу элдик сот деп таанылган.

Адат боюнча сот адилеттүүлүгү айылдык, уруктардын жана уруулардын бийлер сотунан турган. Орусия империясынын курамына кирип, соттук реформа жүргүзүлгөндөн кийин айылдык-волосттук жана өзгөчө кырдаалдар соту сунушталган.

Кокон хандыгынын башкаруу доорунда Кыргызстандын түштүк аймактарында соттук функцияны казылар, муфтийлер, аалымдар жана башка диний-соттук кызматчылар аткарышкан. Эреже болуп калгандай, бул адамдар мусулмандык окуу мекемелерин – медреселерди бүтүргөн, мусулман укугунун билермандары болушкан.

Соттук жараян касам ичүү, араздашкан тараптардын далилдерди алып келүүсү, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүнөн турган. Соттордун чечимдери адаттын жана шариаттын ченемдерине жооп берген, аларды аткаруу милдети коомдук өзүн-өзү башкаруу өкүлдөрүнө жана мамлекеттик бийлик өкүлдөрүнө жүктөлгөн.

Бий менен казылар сот функцияларынан сырткары, коомдук жана саясый ишмерлердин, чыр-чатак же талаш маселелерди чечүүдө ар кандай сүйлөшүүлөрдө эл өкүлдөрүнүн ролун аткарган; мындан сырткары казылар дин

кызматкерлеринин функциясын да аркалаган. Сотту тараптар тарабынан шайлоо мумкүнчүлүгү, эл арасында элдин кызыкчылыгы үчүн деп таанылган адаттын жоболорунун негизинде чыгарылган чечимдердин калыстыгына ишеним, бийлердин элдик сотуна ишенүүгө өбөлгөтүзгөн.

Кыргыз элинин салттуу коомунда адат менен шариаттын өз ара аракеттерин изилдеп көрүү менен, кыргыздар укук системасын жакшыртуу үчүн керектүү укуктук ченемдерди сиңирип алган жана ошол эле учурда өзгөчөлүгүн жоготкон эмес деген корутунду чыгарууга болот. Бүгүнкү күндөгү ааламдашуу шарттарында багыт алууга, ошону менен адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жана Кыргыз Республикасынын укуктук системаны өркүндөтүүгө мүмкүндүк берген принциптер кыргыз элинин тарыхый тажрыйбасында бар.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Кыргыз Республикасындагы укук системасын жакшыртуу максатында төмөндөгүдөй практикалык сунуштар көрсөтүлөт:

**1.** Адаттын ченемдери адамдын укуктук турмушун чагылдырат. Адамдын укуктук турмушун изилдөө анын жана жарандын укугун жана эркиндигин камсыз кылууга көмөктөшөт, ошондуктан мыйзам долбоорлору элдин негизги баалуулуктарына жана укуктук менталитетине ылайык келиши боюнча антропологиялык экспертизаны өткөзүү сунушталат.

**2.** Элдик үрп-адаттарды расмий таанунун тажрыйбасына ылайык Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 37-беренесинин 1-пункту боюнча *«Кыргыз Республикасында адамдын укугу менен эркиндигин кемсинтпеген элдик үрп-адаттар, каада-салттар мамлекет тарабынан колдоого алынат»*, Кыргыз Республикасынын укук системасын жакшыртуу жана жарандарынын укук маданиятын көтөрүү үчүн *«Үрп-адаттар жана салттар жөнүндө»* мыйзам иштеп чыгуу болжолдонууда, аталган мыйзам калкты укуктук жактан тарбиялоого, тарбиялоонун баштапкы абалын колдоого, улуттук идеологияны кайра жаратууга жана элдин укуктук маданиятын көтөрүүгө өбөлгө түзөт.

**3.** КыргызРеспубликасынын Конституциясынын 4 жана 7-беренелеринде диний бирикмелердин ишмердиги тууралуу айтылат. Ушунданулламтөмөнкүлөрдү киргизүүсунушталат:

- Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» мыйзамын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 7-беренесине, Кыргыз Республикасынын бузуулар кодексинин 92-беренесине ылайык келтирүү жана «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө» деп, атын өзгөртүү, бул көп сандаган диний топтордун ишин жөнгө салууга мүмкүндүк берет;
- Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» мыйзамынын 3-беренесин иши аталган мыйзам менен жөнгө салынган катышуучулардын статусун аныктоо үчүн зарыл төмөнкү түшүнүктөр менен толуктоо зарыл: *диний бирикме, диний уюм, диний топ.*

**4.** 2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясында исламдын саясий жана укуктук маңызын толук ачып берүү талап кылынат. Мамлекетте ислам дининин статусун аныктоо, республикадагы татаал диний жагдайлардын негизги себептерин белгилөө, дин чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты светтик мамлекеттин алкагында өнүктүрүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбеген айрым маселелер боюнча исламдын позитивдүү потенциалын пайдалануубуз керек.

**5.** Кыргыз Республикасынын «Терроризмге каршы аракеттенүү жөнүндө» мыйзамынын 13-беренесине(“Массалык маалымат каражатын колдонуу менен терроризмди алдын-алууну ишке ашыруу”) жооптуу адамдардын чөйрөсүнө жалпыга маалымдоо каражаттарында чыгып сүйлөгөн диний уюмдардын жетекчилерин жана дин кызматкерлерин кошуу менен төмөнкүдөй өзгөртүү киргизүү сунушталат: *«Жалпыга маалымдоо каражаттарынын, диний уюмдардын жетекчилери, ошондой эле дин кызматкерлери алар жетектеген органдарда даярдалган материалдар террористтик ишти актап чыгууга, ага чакырууга, аны жаратууга, ошондой эле дин аралык, улут аралык, раса жаңжалдарын пропаганда кылууга кызмат кылбай тургандыгы үчүн чараларды көрүүгө тийиш».*Ушуну менен дин көйгөйлөрү боюнча калк менен иштеген адамдардын эл алдындагы жоопкерчилиги жогорулайт.

**6.** Борбордук Азия өлкөлөрүндө аймактык коопсуздукту камсыз кылуу максатында, аймактагы дин мамилелерин жөнгө салуу, калкты дин боюнча тарбиялоо маселелеринде бирдиктүү саясатты иштеп чыгуу зарыл.

Шанхай кызматташуу уюму хартиясынын 3-беренесине ылайык, Шанхай кызматташуу уюмунун (ШКУ) туруктуу иштеп турган органынын Аймактын терроризмге каршы түзүлүштөрүнүн (РАТС) алкагында сунуштар берилет, бирдиктүү «Дин чөйрөсүндө кызматташуу концепциясын» иштеп чыгуу.

**7.** Кыргыз Республикасынын жарандарынын укук маданиятын жогорулатуу үчүн Билим берүү жана илим министрлиги билим берүү системасына жаш муундарды укуктук жактан тарбиялоого өбөлгө түзүү боюнча «Кыргыздардын адат укугу жана маданияты» жана юриспруденция багытына *«Юридикалык антропология»* сабактарын киргизүү зарыл,

Кыргызстандыктардын турмушундагы исламдын ролунун өсүшүнө байланыштуу, сабаттуу диний билим алууга шарт түзүү зарыл. Сапаттуу дин билими стратегиялык мааниге ээ болуп, исламды радикалдык күч катары кабыл алууну четке кагып, Кыргызстанда улуттук кызыкчылыкты жана өзгөчөлүктү эске алган жана ага ыңгайлашкан адистердин тобун калыптандырууга шарт түзөт.

**8.** Эл бийлиги сыяктуу негизги принципти түзгөн кыргыз элинин алгылыктуу тажрыйбасын эске алуу сотторду түзүүдө маанилүү ролду ойноого тийиш. Ушул көз караштан алып караганда, судьяларды элдин тандоосу сунушталат, бул сот системасындагы коррупция менен күрөшүүгө, ошондой эле элдин сотко болгон ишенимин жогорулатууга көмөк берет.

**9.** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 1-пунктуна ылайык, Кыргызстандын эли эгемендиктин ээси жана мамлекеттик бийликтин бирден-бир булагы. Конституцияга каршы келбеген элдик үрп-адаттар

менен салттар мамлекет тарабынан колдоого алынат. Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын укук системасы элдин салттары менен үрп-адаттарын сөзсүз эске алуу менен жакшы эл аралык тажрыйбанын базасында түзүлүүгө тийиш.

## ДИСЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ


1. Эшмурадова, Н.Д. Вхождение ислама в правовую систему Кыргызстана [Текст] / Н.Д. Эшмурадова // Гуманитарные проблемы современности ИФиППИ НАН КР. – 2014. – Вып. 19. – С. 608-614.
2. Эшмурадова, Н.Д. Преступление и наказание по уголовному мусульманскому праву в кыргызском обществе [Текст] / Н.Д. Эшмурадова // Гуманитарные проблемы современности ИФиППИ НАН КР. – 2015. – Вып. 21. – С. 657-665.
3. Эшмурадова, Н.Д. Взаимодействие адата и шариата в правовой системе кыргызского народа в составе Российской империи [Текст] / Н.Д. Эшмурадова // Вестник КРСУ. – 2015. – Т.15 (№1). – С. 80-83.
4. Эшмурадова, Н.Д. Шариат и защита человеческих ценностей во время вооружённого конфликта [Текст] / Н.Д. Эшмурадова //Научный альманах. – 2015. –№ 10-5 (12). – С. 75-78.
5. Эшмурадова, Н.Д. Уголовное право кыргызов по нормам адата и шариата. [Текст] / Н. Д. Эшмурадова // Инновационная наука. – 2017. – Т.2 (№3).–С.158-163.
6. Эшмурадова, Н.Д. Правовое положение женщин в кыргызском традиционном обществе [Текст] / Н.Д. Эшмурадова // Интерактивная наука. – 2017. – № 3 (13). – С 183-186.
7. Эшмурадова, Н.Д. Судебный процесс по нормам обычного права кыргызов [Текст] / Н. Д. Эшмурадова // Интерактивная наука. – 2017. – №5 (15). – С.145-148.
8. Эшмурадова, Н.Д. Адат – правовая основа национальной идеологии кыргызов. [Текст] / Н.Д. Эшмурадова // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – 2017. – С. 62-68.

**Эшмурадова Насиба Дустмурадовнанын «Кыргыз элинин укук системасындагы адат менен шариаттын өз ара аракеттери: тарыхый-укуктук изилдөө» деген темада 12.00.01- укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**


## РЕЗЮМЕ

**Негизги сөздөр:** адат,адат укугу, шариат, мусулман укугу, өз ара аракеттер, юридикалык антропология, юридикалаштыруу,герменевтика,укук системасы, салттуу коом, бий, казы.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп, адат жана шарият ченемдери менен жөнгө салынган коомдук мамилелер жана алардын кыргыз элинин укук системасындагы өз ара аракеттери эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети –** адат, шариат ченемдери, архив материалдары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, изилдөө объектисин чагылдырган окумуштуулардын эмгектери.

**Изилдөөнүн максаты** болуп, кыргыз элинин укук системасындагы адат менен шариаттын өз ара аракеттеринин багыттарын аныктап, ошонун негизинде алгылыктуу тарыхый-укуктук тажрыйбаны пайдалануу менен адам укугун коргоо жана Кыргыз Республикасынын укук системасын жакшыртуу боюнча практикалык сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу саналат.

**Изилдөөнүн методу.** Диссертациялык иште формалдуу-юридикалык, салыштырмалуу-укуктук, конкреттүү-социологиялык жана системалык-түзүмдүк илимий методору колдонулду. Изилдөөнү ишке ашырууда юридикалык антропология жана анын укукту таануу ыкмасы өзгөчө мааниде болду.

**Эмгектин илимий жаңылыгы- бул** биринчи жолу ата-мекендик юридика илиминде укукка антропологиялык мамилени колдонуу менен кыргыз элинин укук системасындагы адат менен шарияттын менен өз ара аракеттери изилденди.

**Иштин практикалык мааниси,** диссертацияда иштелип чыккан жоболор жана корутундулар окуу процессине киргизилип, мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы, мусулман укугу боюнча окуу китептерин, окуу-методикалык куралдарды түзүүгө, юридикалык антропология боюнча атайын курстарды иштеп чыгып жана өткөзүүгө, андан башка Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жакшыртууга мүмкүндүк берет.

**Пайдалануу чөйрөсү:** мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы; конституциялык укук, мусулман укугу.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Эшмурадовой Насибы Дустмурадовны «Взаимодействие адата и шариата в правовой системе кыргызского народа: историко-правовое исследование» на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности: 12.00.01 – теория и история права и государства; история учений о праве и государстве**

**Ключевые слова:** адат, обычное право, шариат, мусульманское право, взаимодействие, юридическая антропология, юридизация, герменевтика, правовая система, традиционное общество, бий, казий.

**Объектом исследования являются** общественные отношения, урегулированные нормами адата и шариата и их взаимодействие в рамках правовой системы кыргызского народа.

**Предметом исследования** - являются нормы адата и шариата, архивные материалы, законодательство Кыргызской Республики, труды ученых освещающие объект исследования.

**Цель исследования** – изучение взаимодействия адата и шариата в правовой системе традиционного кыргызского общества и на этой основе разработка рекомендаций по защите прав человека и внедрению в правовую систему Кыргызской Республики положительного историко-правового опыта.

**Методы исследования**. В диссертации использовались формально-юридический, сравнительно-правовой, конкретно-социологический и системно-структурный методы исследования. Особое значение при проведении исследования имела юридическая антропология и ее методы.

**Научная новизна работы** состоит в том, что впервые в отечественной юридической науке изучено взаимодействие адата и шариата в правовой системе кыргызского народа с использованием антропологического подхода к познанию права.

**Практическая значимость работы.** Сформулированные в диссертации положения и выводы могут быть внедрены в учебный процесс, использованы при подготовке учебников и учебных пособий по теории и истории государства и права, мусульманскому праву, при разработке и проведении спецкурсов по юридической антропологии, а также при совершенствовании действующего законодательства Кыргызской Республики.

**Область применения:** теория и история государства и права, конституционное право, мусульманское право.

**SUMMARY**

**Of the thesis of Eshmuradova Nasiba Dustmuradovna «Interaction of adat and sharia in the legal system of the Kyrgyz people: historical and legal research». This thesis is submitted to confer the degree of a candidate of legal sciences, specialty: 12.00.01 - theory of the history of law and the state; history of Law and the State.**

**Key words**: adat, customary law, sharia, Muslim law, interaction, legal anthropology, legalization, hermeneutics, legal system, traditional society, biy, kazi.

**The object of the research**: public relations regulated by the norms of adat and sharia and their interaction within the legal system of the Kyrgyz people.

**The subject of the research:** the norms of adat and sharia, archival materials, legislation of the Kyrgyz Republic, the researches of scientists covering the object of study.

**The aim of the research:** to study the interaction of adat and sharia in the legal system of traditional Kyrgyz society and on this basis to develop recommendations for the protection of human rights and the introduction of positive historical and legal experience into the modern legal system of the Kyrgyz Republic.

**The methods of the research.** The thesis used formal legal, comparative legal, concrete sociological, and system-structural research methods. Of particular importance in conducting the study was legal anthropology and its methods.

**The scientific novelty of the research** lies in the fact that for the first time in domestic legal science, the interaction of adat and sharia in the legal system of the Kyrgyz people has been studied using an anthropological approach to the knowledge of law.

**The practical significance of the work.** The provisions and conclusions formulated in the thesis can be introduced into the educational process, used in the preparation of textbooks and teaching aids on theory and history of state and law, Islamic law, in the development and conduct of special courses in legal anthropology, as well as the improvement of the current legislation of the Kyrgyz Republic.

**Scope:** theory and history of State and Law, Constitutional Law, Islamic Law.

Эшмурадова Н.Д.

**Кыргыз элинин укук системасындагы адат менен шариаттын өз ара аракеттери: тарыхый-укуктук изилдөө**

Басууга кол коюлду 29.03.2019
Кагазы офсетная. Формат 60х84
Көлөмү 1,5п.л.
Нускасы 100 экз. Заказ № 318

КРСУ типографиясында басылган
720048 Бишкек ш, Горький көч. 2